# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ

Жаран Э.Ж. Алыбековдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2014-жылдын 3-февралы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Бобукеева М.Р., Мамыров Э.Т., Осконбаев Э.Ж., катчы М.Э.Төлөбалдиевдин катышуусунда жаран Э.Ж. Алыбековдун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

2013-жылдын 31-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата) жаран Э.Ж. Алыбеков Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 21-апрелиндеги № 11 «1997-2009-жылдары товардык кредит алган Кыргыз Республикасынын айылдык товар өндүрүүчүлөрүнө карызды тындыруунун шарттарын өзгөртүү жолу менен мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө» токтомун Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесине карама-каршы келет деп таап берүүнү суранып кайрылган.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, 2006-жылдын 19-майындагы № 4-220-812-24 Товардык кредит келишимге (мындан ары - Товардык кредит келишим) ылайык Э.Ж. Алыбеков Кыргыз

Республикасынын Каржы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фондунан (мындан ары - Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фонду) 1 кг буудайды 9 сом 60 тыйын деген баа менен, баардыгы 624 000 (алты жүз жыйырма төрт миң) сомго 65 (алтымыш беш) тонна буудай тууралуу товардык кредит алып, товардык кредитти 2006-жылдын 1-декабрынан кеч эмес кайтарып берүүгө милдеттенген.

Э.Ж. Алыбеков 2006-жылдын 14-октябрындагы № 4 коштомонун негизинде (өтүнүчкө коштомо тиркелген эмес) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик сатып алуулар жана материалдык резервдер боюнча мамлекеттик комиссиясынын карамындагы Ат-Башы айылындагы кампага 65 (алтымыш беш) тонна буудайды төгүп берген.

Бирок, жогоруда аталган Товардык кредит келишимге ылайык Э.Ж. Алыбеков товардык кредитти нактай түрдө эмес, акча каражаттарды алып-бериш эсебине которуу менен төлөйт деп милдеттенгендиктен 2012-жылдын 15-ноябрында Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фонду Нарын райондор аралык сотуна жеке ишкер Э.Ж. Алыбековдон 1 180 610 (бир миллион жүз сексен миң алты жүз он) сомду, анын ичинде негизги карыз - 624 000 (алты жүз жыйырма төрт миң) сомду, айып - 556 610 (беш жүз элүү алты миң алты жүз он) сомду мөөнөтү өткөн карыздарды өндүрүү жана өтүп кеткен мөөнөттү кайрадан калыбына келтирүү жөнүндөгү доо арыздар менен кайрылган.

Нарын райондор аралык соту 2012-жылдын 24-декабрындагы аныктамасы менен Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фондунун жеке ишкер Э.Ж. Алыбековдон 1 180 610 (бир миллион жүз сексен миң алты жүз он) сомду өндүрүү жөнүндөгү доо арызы боюнча, доонун эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүү тууралуу өтүнүчү канааттандырылуусуз калтырылып, ал эми 1 180 610 (бир миллион жүз сексен миң алты жүз он) сомду өндүрүү жөнүндөгү доо арызы боюнча сот ишин жүргүзүү токтотулган.

Нарын облаcттык сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча коллегиясынын 2013-жылдын 14-мартындагы токтому менен

Нарын райондор аралык сотунун 2012-жылдын 24-декабрындагы аныктамасы бузулуп, иш кайрадан Нарын райондор аралык сотуна ошол эле курамда соттук кароого жиберилип, Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фондунун кассациялык даттануусу канаттандырылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун коллегиясы 2013-жылдын 20-июнундагы токтому менен Нарын областтык сотунун коллегиясынын 2013-жылдын 14-мартындагы токтому күчүндө, Э.Ж. Алыбековдун көзөмөл даттануусу канаттандыруусуз калтырылып, иш Нарын райондор аралык сотуна жөнөтүлгөн.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде жаран Э.Ж. Алыбеков соттук актыларга макул болбой, алар доонун эскирүү мөөнөтүн Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 21-апрелиндеги № 11 «1997-2009-жылдары товардык кредит алган Кыргыз Республикасынын айылдык товар өндүрүүчүлөрүнө карызды тындыруунун шарттарын өзгөртүү жолу менен мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө» токтомуна ылайык келишимди тындыруунун мөөнөтү 2013-жылга чейин узартылган деп эсептешүүдө дегенди билдирип, аталган токтомду Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесине карама-каршы деп таап берүүнү талап кылган.

Судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, кайрылуу боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья М.Р. Бобукееванын маалыматын угуп, төмөнкүдөй тыянакка келди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 4-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Конституциялык палата мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген

учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп табат; Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган күчүнө кирбеген эл аралык келишимдердин конституциялуулугу тууралуу корутунду берет; Конституцияга өзгөртүүлөр тууралуу мыйзамдын долбооруна корутунду берет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары ушул Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан чыга алышпайт.

Демек, жаран Э.Ж. Алыбеков тарабынан коюлган талаптар Конституциялык палатага караштуу эмес жана аны конституциялык сот өндүрүшү тартибинде кароого эч кандай негиз жок.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Жаран Э.Ж. Алыбековдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар кайтарылып берилсин.

3. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Бобукеева М.Р.

Мамыров Э.Т.

Осконбаев Э.Ж.